
# Айымдардын колунан бардыгы келет

Өз алдынча түндүк көтөрүп, түтүн булаткан алгачкы жылдардагы кыйынчылыкта "челнокчу" атыккан аялдар кытайдын чаар баштыгын көтөрүп, Россия, Кытайга каттап, эл арасында: "Аялдар базарда, эркектер казанда" делген азил-чыны аралаш сөздөр айтылганы али эсибизде. Ошол кезде өкмөттүк эмес уюм, коомдук уюм деген сөздөрдү укканда таң калган элек. Көрсө жаш эгемен өлкөгө эл жашоосун жакшыртууга, эне баланын мүдөөсүн көздөгөн жакындан кол сунган бейөкмөт уюмдардын колдоосу абадай зарыл болот тура.

Отуз жыл тарых мерчеминен ...ганда азганакей эле мезгил. Албетте жаңыны жаратуу оңойго турбайт. Эгемендиктин дурусу менен бурушун баштан өткөрдүк. Биз үчүн эң маанилүүсү кыргыз эли дүйнөгө таанылып, каалагандай жашап жатабыз.

1993-жылы Нарында алгач Нарын облустук аялдар Конгресси «Соопкер» аттуу коомдук уюмду түзүп, «Аян» телевидениеси менен «Аян» гезитин ачкан Какин Баркыжокованын демилгеси менен уюштурулуп, төрайымдыгына Нарын облустук профсоюздар комитетинин кызматкери Аима Жакыпова дайындалган эле. Кийин үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Бишкекке кеткенде мен шайланып, курамы 17 айымдан турган пленум мүчөлөрү иш жүргүзүп, райондордо жана Нарын шаарында аялдар Конгресси уюштурулган.

Ал жылдары АКШнын "Каунтерпат Интернешнл", Канаданын "АДРА" уюмдары, "Кумтөр оперейтинг" компаниясы менен тыгыз байланышта болуп, алардын колдоосу менен жардамга муктаждарга кийим-кечелер, тамак-аштар, үй буюм-тайымдарын берип турдук. "Мырзайым" кароо-сынагы республикалык деңгээлде өткөрүлүп, жеңүүчүлөр Кытай Эл Республикасына барып келишкен. 2001-жылы "Кыргызстандагы кол өнөрчү айымдар" деген аталыштагы кино тасма тартып, китеп чыгаруу үчүн АКШдан келген Энни Фрай айым менен кызматташтык мамиледе болдук. КТРКнын ал кездеги белгилүү журналисти, драматург Кайрат Иманалиевдин жетектөөсү менен Конгресстин активдүү мүчөсү, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти маркум Тамара Жумакаева атындагы фонд түзүлүп, РТС аймагындагы көчөгө ысымы ыйгарылып, Куланак айылдык клубуна аты берилди. Педагогикалык окуу жайынын жанындагы аянтка эстелиги орнотулду. Республикадагы Аялдардын мыйзам чыгаруу Альянсынын мүчөсү катары да иштерди жүзөгө ашырдык. Улуу Жеңиштин 60 жылдыгына карата Тайлак баатыр атындагы №2025 чек ара отрядында "Жоокердин изи менен" аттуу адабий музыкалык кече өткөрдүк. Заставаларга барып, жоокерлердин турмуш шарттары менен жеринде барып, таанышып турдук. 2014-жылдын аягында Нарын дарыясына салынып жаткан ГЭСке барып, анда эмгектенип жаткан жарандарыбызды кыргыздын улуттук салты менен өрүлүктөп барып, иштери менен таанышып кайтканбыз.



2015-жылы Нарын облустук "Теңир Тоо айымдары"Конгресси деген аталыш менен кайра каттоодон өтүп, учурда журналист Бурулсун Дыйканбаева жетектеп жатат. Аялдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү активдүүлүгүн арттыруу менен облуста болуп жаткан бардык саясий жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн ишке ашырылышына татыктуу салымыбызды кошуп келатабыз. Аялдар билимине, жөндөмүнө жараша коомдо татыктуу ордун ээлесе, жаңычылдыкка, жаратмандыкка умтулса, уул-кыздарын ыймандуу, билимдүү кылып тарбияласа өлкөбүз өнүгүп өсөт. Дегеним аялдардын колунан баардыгы келет.

Эмесе эгемен өлкөбүздүн 30 жылдык улуу майрамы кут болсун. Кыргызстандын эртеңки жаркын келечегин курууда алдыңкы катарда бололу. Теңиртоолук айымдарга энелик бакты таалай, жарык маанай, нарк-дөөлөттүү турмуш, жашоодогу бардык жакшылыктарды тилеймин.

**Бегайым ЖАНГЕЛДИЕВА, Нарын облустук "Теңир Тоо" айымдары Конгрессинин мурдагы төрайымы.**